**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН Ч. АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ**

**ЖУСУП БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КУСЕИН КАРАСАЕВ АТЫНДАГЫ БИШКЕК МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Д 10.20.616 ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ**

*Кол жазма укугунда*
***УДК:** 894.341: 82-991 (043.3)*

**ЫСАКБАЕВА ЗИНАТ ТУРДУБЕКОВНА**

# Ч.АЙТМАТОВДУН РОМАНДАРЫНДАГЫ КӨРКӨМ АКСИОЛОГИЯ

10.01.01 – кыргыз адабияты

филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек – 2021**

Диссертациялык иш С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин кыргыз тили жана адабияты кафедрасында аткарылды

**Илимий жетекчи:** **Жантаев Адилбек Сүйүндүкович,** филология илимдеринин доктору, доцент, С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин илимий иштер боюнча проректору

**Расмий оппоненттер:** **Мамбеталиев Кубан Ильясович,** филология илимдеринин доктору, Борбордук Азия регионалдык институтунун кеңешчиси

**Садыров Мурат Тентиевич,** филология илимдеринин кандидаты, доцент, Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун илимий кызматкери

**Жетектөөчү мекеме:** И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин кыргыз адабияты жана аны окутуунун технологиялары кафедрасы, дареги: 720026, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Тазабек Саманчин көч., 10а.

Диссертация 2021-жылдын 29-январында саат 13.00дө Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институту, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды коргоо боюнча Д 10.20.616 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот, дареги: 720071, Бишкек ш., Чүй проспектиси, 265 а.

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын борборлоштурулган илимий китепканасынан (720071, Бишкек ш., Чүй просп., 265 а), Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин (720033, Бишкек ш., Фрунзе көч., 547) жана К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин китепканаларынан (722044, Бишкек ш., Ч.Айтматов просп., 27), ошондой эле, диссертациялык кеңештин http://sovet.aytmatov.tk сайтынан таанышууга болот. Онлайн коргоонун коду: 647-681-3246.

Автореферат 2020-жылдын 29-декабрында таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,**
**филология илимдеринин кандидаты** **Ыйсаева Н. Т.**

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу.** Диссертациянын сунушталган темасында түрү да, масштабы да ар башка маданий феномендер – аксиология жана залкар сүрөткерибиз Чыңгыз Айтматовдун романдары жуурулушкан. Биринчиси эң башынан эле философиялык билимдер аймагына таандык болгон, аз убактан бери гана көркөм өнөргө карата конкреттүү чыгармаларды чечмелөөнүн бөтөнчө аспектиси ролунда колдонулуп келатат. Экинчиси болсо эбактан бери эле (романдар жарыялангандан тартып) адабиятчылардын, сынчылардын, дегеле жалпы окурмандардын көңүлүн буруп келет. Залкар жазуучунун романдары – «Кылым карытар бир күн», «Кыямат», «Кассандра тамгасы», «Тоолор кулаганда» – адабий коомчулукта чоң ийгиликке ээ болуп, кызуу талаш-тартыш жаратып, татыктуу баасын алышкан. Эгерде аксиологиялык кубулуштарга же Ч. Айтматовдун романдарына өз-өзүнчө адабий мамиле кылсак – актуалдуу болушу ыктымал. Бул эки кубулушту эриш-аркак жуурулуштурсак – изилдөөнүн **жаңычылдыгы** менен **актуалдуулугу** шексиз болот. Жогорку чыгармаларды так мына ушул аспектиде алиге чейин эч ким тутумдуу жана комплекстүү изилдөөгө ала элек.

Ч.Айтматовдун романдарын баалуулуктук аспектте изилдөө аксиологиялык негизде масштабдуу тарыхый-функционалдык изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн жаңы жолдорду ачат. Анткени так ушул аспектиде эмне үчүн ар башка доорлордо конкреттүү автордун мурасына окурмандык кызыгуу сууй же кызый турганы реалдуу айкындалат. Окурмандар да өздөрүнүн кыймылдуу дөөлөттүк ориентирлеринин туткунунда калышат – алар адабияттан өздөрү үчүн актуалдуу аксиологиялык контексттерди издешет.

Көркөм-адабий кубулуштарды изилдөөнүн аксиологиялык аспектисин дээрлик универсалдуу деп эсептөөгө болот – ал көркөм чыгарманын мазмунун да, формасын да, андагы автордук жекечеликти да, аны окурмандык кабыл алуунун тенденцияларын да баалуулуктук негизде ар тараптуу карап чыгууга жол ачат.

Чыңгыз Айтматовдун романдарынан өзгөчө татаалдыктарды алдын ала көрүүгө болот. Бизди Айтматов өз романдарында кайра түзгөн көркөм дүйнөнүн баалуулуктук мазмуну, андагы кейипкерлердин дөөлөттүк багыт алуусу кызыктырат. Мында адабий процесстин баалуулуктук табиятын иликтеген эмгектердин тажрыйбасын эске алуу, мүмкүн болушунча көркөм берилген автордук аксиологияны ачуу аракеттерин жасоо зарыл.

Ч. Айтматов адеп-ахлак маселелери түйшөлткөн кыргыз залкарларынын бири болгон. Бул анын аң-сезиминде бала чагынан бери орун алып келген. Жамандык-жакшылык маселелери менен, адам турмушунда мааниси зор аксиологиялык категориялар менен ал эң эле эрте кездешкен. Өзүнүн эскерүүлөрүндө уюн уурдатып жиберип, кошунасынын мылтыгын сурап алып, ууруну өлтүрмөй болуп издеп чыкканы, жолдон карыяга жолугуп, анын насаатын угуп, оюнан кайтканы тууралуу айтканы бар. Бул жерде биз бүгүн аксиологиялык деп атап жаткан ориентирлер орун алганы ачык-айкын. Ал өз

жолунда «жамандыкка» эмес, «жакшылыкка» бет алат, кыйратууга эмес, түзүүгө, жаратмандык, чыгармачылык ишке багыт алат. Ушул жерде аксиологиялык параметрлердин айкашуусу байкалып турат.

Ч.Айтматов бала чагынан тартып эле өзү жараткан чыңалган адеп-ахлактык изденүүлөрдүн атмосферасында жашайт. Демек, анын руханий көрүмү менен чыгармачыл кыялдануусунда бөтөн аң-сезимдердин жана социалдык маанайлардын аксиологиялык мазмундуулугу өзгөчө кенен, ачык-айкын ачыла алмагынан шек саноого болбойт. Анан ал чоң адабиятка киргенде чындап эле көптөгөн, кыйла такшалган сынчыларды өзүнүн сейрек баамчылдыгы, ошондой эле идеялык-көркөмдүк, философиялык-эстетикалык өз алдынчалыгы менен таң калтырган. Жаалдуу сындар менен жерүүлөргө жооп кылып, ал турмуш чындыгынан эң актуалдуу көрүнүштөрдү сууруп чыккан. Бул жанар тоо өңдөнүп, турмуш чындыгынын түпкүрүнөн келген жаңы чындык катары кабыл алынган. Чыгармачылык жолунун башынан аягына чейинки Айтматовдун изденүүлөрүнүн субъективдүү пафосу да, анын ачылыштарынын объективдүү мааниси да аксиологиялык өлчөмдө, идеал менен ар кыл баалуулуктардын бүтүндөй бир комплексинин карым-катнашында бериле алат. Бүгүнкү күндө Айтматовдун чыгармачылыгына кайрылууда аксиологиялык мамилени максаттуу жана пландуу изилдоо муктаждыгы бышып жетилгени ырас.

Чыңгыз Айтматовдун романдары – «Кылым карытар бир күн», «Кыямат», «Кассандра тамгасы», «Тоолор кулаганда» – ар бири өз алдынча көркөмдүк баалуулукка, көркөмдүк наркка ээ чыгармалар. Бул чыгармалар адабият таанууда ар тараптуу талданып келген, келечекте да анын изилдөө объектиси боло берет. Анткени аларда жалпы адамзаттык маанилүү дөөлөттөр бар – өмүр менен өлүм, сүйүү менен жек көрүү, сулуулук менен серттик, жакшылык менен жамандык, акыйкаттык менен жалганчылык, ак менен кара. Бул чыгармаларга арналган изилдөөлөрдүн, публикациялардын дээрлик көбүндө түз көрсөтүлбөсө да, жазуучунун, бир жагынан, жекече жан дүйнө кыймылдарынын, башка жагынан – курчап турган дүйнө менен адамзаттык мамилелердин аксиологиялык мазмундуулугуна ориентациясы баамдалат. Бул жердеги бир эске алуучу жагдай – жазуучунун көркөм чыгармачылыкка карата өз көз караштарын дайыма өнүктүрүп, өркүндөтүп туруусу. Мисалга, советтик доордогу чыгармалары менен постсоветтик мезгилдеги романдарынын ортосунда бир кыйла проблематикалык, тематикалык, идеялык айырма бар. Анткен менен аларды бириктирген нерсе – ошол романдардын аксиологиялык мазмундуулугу. Ушул себептен улам Ч. Айтматовдун романдарын изилдөөдө алга карай жылууга аксиологиялык мамилени колдонуу көмөктөшөт деп үмүттөнөбүз.

Жогоруда айтылган жүйөөлөр диссертациялык изилдөөнүн параметрлерин төмөнкүчө аныктоого жол берет.

**Изилдөөнүн актуалдуулугу**. Дүйнөлүк адабият таанууда түзүлгөн кырдаал менен шартталган, ал боюнча аксиологиялык мамиле жалпысынан өзүнүн жемиштүүлүгүн көрсөттү. Айтматов тууралуу илимде акыркы он

жылдыктарда көптөгөн ачылыштар жасалды, бирок изилдөөчүлөр анын романдарындагы көркөм аксиологияга тутумдуу жана комплекстүү кайрылган учур боло элек. Бардык окумуштуулар бул романдардын жалпы адамзаттык мазмунга ээ экендигин таанышат, демек, аларда аксиологиялык мазмун сөзсүз бар. Айтматовдун романдарынын мазмундуулугу жана көркөмдүк бөтөнчөлүгү тууралуу мурдатан түзүлгөн пикирлерди филология илиминин заманбап абалына ылайык келтирүү муктаждыгы жетилди.

**Диссертациянын темасынын илимий мекемелер жүргүзүп жатышкан ири илимий программалар, негизги илимий-изилдөөчүлүк иштер менен байланышы.** Аталган изилдөө С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин илимий-изилдөөчүлүк планы менен байланышкан.

**Изилдөөнүн максаты** – Чыңгыз Айтматовдун романдарынын аксиологиялык мазмундуулугун ачуу жана ошол чыгармалардын автордук концепциясы тууралуу орун алган илимий пикирлерге тийиштүү кошумчаларды киргизүү.

**Изилдөөнүн милдеттери.** Диссертацияда алдыга коюлган максат менен шартталган да, төмөнкүлөрдөн турат:

1. Ч. Айтматовдун чыгармачылыгынын адабият таануудагы жана танапташ илимдердеги изилденүү абалына сереп жасоо.
2. Ч. Айтматовдун чыгармачылыгын баалуулуктук аспектте изилдөө кыргыз адабият таануусунун келечектүү багыты боло аларын негиздөө.
3. Жазуучунун романдарынын баалуулуктук изилдөөсүнүн объектиси менен предметин баяндоо, изилдөөнүн методологиясын жана методдорун сыпаттоо, изилдөөнүн материалдарын талдоого алуу.
4. Аталган романдардын көркөмдүк-аксиологиялык мазмунун, терең дөөлөттүк табиятын ачуу.
5. Ар бир романдын борбордук кейипкерлеринин аксиологиялык өнүгүү динамикасын талдоо.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы.** Иштин жаңычылдыгы методологиялык өңүттөн алганда анда алгач ирет аксиологиялык мамиле Ч. Айтматовдун романдарынын материалында апробацияланып жатканы менен шартталат. Тарыхый-адабий өңүттө бул романдардагы борбордук каармандардын баалуулуктук мүнөздөмөсүнүн бөтөнчөлүгүн, чыгарманын автордук концепциясынын аксиологиялык мазмунун жаңыча түшүнүүгө жол берет.

**Изилдөөнүн теориялык мааниси.** Бул диссертациянын илимий тыянактары, табылгалары жалпы эле кыргыз профессионал адабиятынын залкар өкүлдөрүнүн чыгармачылыктарын, алар жараткан көркөм-адабий туундуларды дөөлөттүк өңүттө иликтөө проблемалары боюнча мындан кийин жүргүзүлүүчү изилдөөлөргө теориялык көмөк, багыт болуп бере алат.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси.** Диссертациянын натыйжалары жогорку окуу жайларда Ч. Айтматовдун чыгармачылыгын, жеке алсак, романдарын окутуп-үйрөтүүдө колдонулат. Мындан сырткары, кыргыз

професcионал жазма адабияты боюнча окуу-усулдук куралдарды, көрсөтмөлөрдү, колдонмолорду түзүүдө пайдаланылат.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор**:

1. Ч.Айтматовдун чыгармачылыгы адабият таанууда жетишерлик деңгээлде ар тараптуу изилденген, бирок баалуулуктук аспектте тутумдуу жана комплекстүү изилдөө объектисине алына элек, чыгармачылыгын аксиологиялык аспектте изилдөө кыргыз адабият таануусунун келечектүү багыты болуп бере алат, анткени залкар сүрөткердин чыгармаларында (аңгемелеринде, повесттеринде, романдарында, драмаларында, макала-маектеринде) чоң баалуулуктук дарамет, мазмун камтылып турат.

2. Калемгердин романдары толук өлчөмдө баалуулуктук изилдөөнүн объектиси менен предмети болуп бере алат.

3. Изилдөөгө алынган романдар көркөмдүк-аксиологиялык мазмунга, баалуулуктук табиятка ээ, аларда адам турмушунун дөөлөттүк аспектилери терең ачылган.

4. Романдардын каармандары өз турмуш жолунда баалуулуктук эволюцияны баштан кечиришет жана “катарсис” кырдаалына кабылышат, бул жагдай алардын дөөлөттүк өнүгүү динамикасын таасын ачат.

**Изденүүчүнүн жекече салымы.** Темага тиешелүү илимий-теориялык, фактылык маалыматтарды талдоо, жуурулуштуруу аркылуу жетишилген илимий тыянактар изденүүчүнүн жекече салымы болуп саналат.

**Диссертациянын натыйжаларынын апробациясы**. Бир катар республикалык жана эл аралык илимий-теориялык, илимий-практикалык конференцияларда изилдөөнүн негизги мазмуну боюнча конкреттүү баяндамалар жасалган.

Ошондой эле РИНЦ (Российский индекс научного цитирования) тутумуна кирүүчү «Российская наука и образование сегодня: проблемы и перспективы» илимий-методикалык журналына 2018-жылдын сентябрь айында бардыгы эки илимий макала жарык көргөн.

**Диссертациянын натыйжаларынын публикацияларда чагылтылуу толуктугу.** Изилдөөнүн негизги жоболору 11 (он бир) публикацияда ачылып берилген. Тема боюнча жарык көргөн эмгектердин жалпы көлөмү 5,6 басма табакты түзөт.

**Диссертациянын түзүмү.** Диссертациялык иш киришүүдөн, үч баптан, он параграфтан, баптар боюнча кыскача корутундулардан, жалпы корутундудан, практикалык сунуштардан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен жана тиркемелерден турат. Иштин негизги бөлүгүнүн көлөмү – 152 (жүз элүү эки) бетти, адабияттардын тизмеси менен тиркемелер кошулгандагы жалпы көлөмү – 184 (жүз сексен төрт) бетти түзөт.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** теманы тандоонун себеби жана анын актуалдуулугу, теманын иштелип чыгуу деңгээли, максат, милдеттери аныкталып, объектиси

жана предмети, жаңычылдыгы, практикалык мааниси көрсөтүлдү. Ошондой эле коргоого алып чыга турган негизги жоболор ортого салынып, диссертациянын материалдарынын апробациясы жөнүндө маалымат берилип, изденүүчүнүн жеке салымы жана алынган натыйжалар аныкталды.

“**Чыңгыз Айтматовдун романдарын баалуулуктук аспектте изилдөөнүн илимий-теориялык негиздери”** деген биринчи бапта кыргыз элинин сыймыгына айланган залкар калемгерибиз, бүт дүйнөгө аттын кашкасындай таанымал улуу жазуучубуз Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгындагы, атап айтканда, анын романдарындагы көркөм аксиология маселелери каралды. Бул бап эки параграфтан турат.

**1.1. “Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгынын адабият таануу жана башка илимдерде изилденүүсүнө сереп”** деп аталып,анда филология илиминде Айтматов таануу салаасынын түптөлүүсүнө жана өнүгүүсүнө экскурс жасалат, көрүнүктүү Айтматов таануучулар жана алардын маанилүү эмгектери кыскача талданат, Айтматов таануу багытында Кыргызстанда жана башка өлкөлөрдө корголгон диссертацияларга сереп салынат. Улуу жазуучунун чыгармачылыгы боюнча маанилүү илимий эмгектерди А. А. Акматалиев [Акматалиев, А. Чыңгыз Айтматов (кыргыз жана орус тилдеринде). – Б.: Бийиктик, 2008. – 580 б.], С. Алахан [Алахан С. Чыңгыз Айтматовдун алгачкы аңгемелери. Монография. – Б.: Полиграф-ресурс, 2013. – 124 б.], К. Асаналиев [Асаналиев, К. Чыңгыз Айтматов: кечээ жана бүгүн (Кош тилдүү чыгармачылык жана көркөм ойлоо маселеси). – Б.: Малое Кантское полиграфическое предприятие, 1995. – 155 б.], Ж. К. Бакашова [Бакашова, Ж. К. Художественное мастерство Чингиза Айтматова. – Б.: КГНУ, 1998. – 383 с.], Г. Д. Гачев [Гачев, Г. Д. Чингиз Айтматов (в свете мировой культуры). – Ф.: Адабият, 1989. – 488 с.], К. Ибраимов [Ибраимов, К. И. Мифологиялык архаика жана азыркы адабияттагы “адам-табият” концепциясы. – Фрунзе: Илим, 1991. – 152 б.], О. Ибраимов [Ибраимов, О. Чингиз Айтматов. – М.: Молодая гвардия, 2018. – 221 [3] с.: ил.], В. Левченко [Левченко, В. Г.Чингиз Айтматов: Проблемы поэтики, жанра, стиля. – М.: Советский писатель, 1983. – 231 с.], И.Лайлиева [Лайлиева И.Д. Ч.Айтматов и мировой литературный контекст.- Б., 2000.], Э. Нурушев [Нурушев, Э. Айтматология: «Жамийла» жана улуттук эпос. Адабий-философиялык, маданият тааным аңытындагы этюддар. – Б.: Турар, 2018. – 168 б.], А. Садыков [Садыков, А. Айтматов таануу илиминин залкар өкүлдөрү. – Б.: Бийиктик, 2013. – 224 б.], Л. Үкүбаева [Үкүбаева, Л. Чыңгыз Айтматов жана кыргыз адабияты. – Б.: Турар, 2012. – 392 б.], А. Эркебаев [Эркебаев, А. Татаал тагдыр, таза жол. – Б.: Учкун, 2004. – 320 б.] ж.б. көптөгөн окумуштуулар жарыялашкан. [Айтматов энциклопедиясы: (Портреттер, илимий макалалар, эскерүүлөр, ырлар, каттар, маалыматтар, документтер, сүроттор ж.б.) : I том: А-Ж/ А. Акматалиевдин жалпы редакциясы астында. –Б.: Турар, 2017.-972б.] Ал эми адабият таанууда Ч. Айтматовдун чыгармачылыгы боюнча корголгон диссертациялардын жалпы саны сексенге чукулдап барат. Бул жаатта адабият таанууда гана эмес, тил, педагогика, философия илимдеринде да кыйла

диссертациялар корголгон. Мунун өзү улуу калемгердин чыгармачылыгына карата социалдык-гуманитардык илимдерде кызыгуу зор экенин күбөлөндүрөт.

Арийне, Ч.Айтматовго байланыштуу илимий булактардын молдугунан улам анын чыгармачылыгы илимде мүмкүн болушунча толук изилденип бүттү, эми анын көркөмдүк ишмердүүлүгү тууралуу айта турган деле сөз калбады деген маанай жаралышы ыктымал, бирок улуу жазуучунун көркөм-адабий, публицистикалык, философиялык мурастары өзгөчө терең дөөлөттүк табиятка ээ, андыктан анын чыгармаларын ар бир жолу кайра окууда мурда баамга илинбеген жаңы ойлорду, идеяларды, табылгаларды ачууга болот. Ошол себептен, А. Садыков «Залкардын адабий мурастарынын ачыла элек сырлары дагы эле көп» [Садыков, А. Айтматов таануу илиминин залкар өкүлдөрү. – Бишкек: Бийиктик, 2013. - 21-б.] деп белгилейт. Демек, Айтматов таануу илимий тармагынын алдында али да болсо иштеле турган көп жумуштар, жүргүзүлө турган изилдөөлөр өз кезегин күтүп жатат. Биз ал иштердин бири катары залкар сүрөткердин романдарындагы көркөм аксиологиясын изилдөөнү белгилейбиз. Бул анын чыгармачылыгын дөөлөттүк аспектте иликтөө аркылуу жүзөгө ашат.

**1.2. “Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгын баалуулуктук аспектте изилдөө кыргыз адабият таануусунун келечектүү багыты катары”,** мындаулуу калемгердин көркөм дүйнөсүн баалуулуктук аспекттен изилдөө зарылдыгы белгиленип, буга себеп болгон жагдайлар аныкталат.

Кыргыз элинин сыймыгы болгон залкар жазуучубуз Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларына келсек, алардын баарына – алгачкы аңгемелеринен баштап, повесттери менен романдарына, драмаларына, публицистикасына, философиялык диалогдоруна чейин терең аксиологиялык мазмун мүнөздүү.

Залкар калемгер өз көркөм жаралгаларына эмне «жүк» арткан? Ал өзүнүн ар бир көркөм туундусуна өздүк автордук мөөрүн баскан. Автордун мөөрү – бул жашоодо ал тутунган руханий-адептик дөөлөттөр. Кандай гана чыгармада болбосун, анын авторунун аң-сезими, ой-кыялы, жан дүйнөсү, толгонуулары чагылат. Мына ушул «жүк» көркөм-адабий жаралгага дөөлөттүк мазмун берет.

Чыңгыз Айтматовдун романдары («Кылым карытар бир күн», «Кыямат» – советтик мезгилде, «Кассандра тамгасы», «Тоолор кулаганда» – постсоветтик доордо жарык көргөн, бирок аларды философиялык-социалдык, руханий-адептик, дөөлөттүк мазмуну бир көркөм бүтүндүккө бириктирип турат) болсо, өздөрүнүн терең дөөлөттүк мазмуну менен зор кызыгуу жаратышты. Калемгердин чыгармачылыгына карата мындай эч өчпөгөн зор кызыгуунун себебин филология илимдеринин доктору, академик Абдылдажан Акматалиев төмөнкүчө түшүндүрөт: «Айтматовдун жазуучулук философиясы Адамдын улуулугуна, Жаратылыштын түбөлүктүүлүгүнө, Ыйык гуманизмге, Асылдык идеясына барып такалат. Айтматовдун жазуучулук устаттыгынын эң башкы сыры – көркөм ойлоонун ар тараптуулугунда жана көп түрдүүлүгүндө» [Акматалиев, А. Кыргыз тили, «Манас» жана Айтматов. – Бишкек: ЧП «Абыкеев А. Э.», 2013. - 4-б.]. Бул байкоо абдан туура.

Чыңгыз Айтматовдун жалпы чыгармачылыгы, ал жараткан көркөм-адабий, публицистикалык, философиялык туундулар кыргыз адабият таануусунда дөөлөттүк аспекттеги изилдөөлөрдүн бүтүндөй бир тизмеги үчүн объект болуп бере алат. Бул багытта изилдөөлөрдү жүргүзүү кыргыз адабият таануусунда келечектүү багыттын түптөлүшүнө жана өнүгүшүнө, андагы Айтматов таануу салаасынын илимий-теориялык жактан кыйла күчтөнүүсүнө олуттуу өбөлгө түзөт.

Алсак, Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгы боюнча төмөнкүдөй темаларда аксиологиялык аспекттеги изилдөөлөрдү жүргүзө алабыз: «Чыңгыз Айтматовдун көркөм дүйнөсүндөгү адам баалуулуктарынын карым-катышы», «Чыңгыз Айтматовдун көркөм дүйнөсүнүн дөөлөттүк ориентирлери», «Чыңгыз Айтматовдун аңгемелеринин баалуулуктук мазмуну», «Чыңгыз Айтматовдун повесттеринин дөөлөттүк табияты», «Чыңгыз Айтматовдун драмаларынын поэтика-аксиологиялык аспектиси», «Чыңгыз Айтматовдун адабий-теориялык ойлорундагы аксиологиялык мазмун», «Чыңгыз Айтматовдун публицистикасынын аксиологиялык маңызы» ж.б.у.с. Биз жогоруда келтирген бир нече темалар келечектеги чоң илимий багыттын айрым гана элементтерин түзөт дешке болот.

Көрүнүп тургандай, залкар калемгердин чыгармачылыгынын ачыла элек, иликтене элек кырлары али да болсо арбын. Анын мурастарын аксиологиялык, дөөлөттүк аспектте ар тараптуу изилдөө кыргыз адабият таануусу үчүн ары кызыктуу, ары маанилүү натыйжаларды берет. Ал эми биздин жупуну изилдөөбүз алдыда күтүп турган масштабдуу илимий-изилдөө иштеринин башаты болуп калат.

**Жыйынтык.** Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгына багышталган илимий-теориялык эмгектер абдан арбын. Аларда улуу калемгердин көркөм дүйнөсү түрдүү тематикалык, проблематикалык ыңгайларда изилденген. . Антсе да адабият таанууда анын көркөм дүйнөсүн аксиологиялык аспектте изилдөө зарылдыгы күн тартибинде турат. Бул багытта изилдөөлөр жүргүзүү Айтматов таануу тармагынын жаңы горизонтторун ачат.

**«Чыңгыз Айтматовдун романдарын баалуулуктук изилдөөнүн объектиси, предмети, методологиясы жана материалдары»** деп аталган **экинчи бап** диссертациянын объектисин жана предметин, материалдарын, колдонулган усулдарын, методологиясын сыпаттоого арналды. Бул бап үч параграфтан турат.

**2.1. «Чыңгыз Айтматовдун романдарын баалуулуктук изилдөөнүн объектиси жана предмети»,** бул параграфта залкар жазуучунун романдары аксиологиялык аспекттеги адабият таануучулук изилдөөнүн объектиси жана предмети боло алары аныкталды.

Адегенде талапка ылайык изилдөөбүздүн объектисин аныктап алсак, диссертациянын **негизги объектисин** улуу сүрөткер Чыңгыз Айтматов жараткан романдардын – «Кылым карытар бир күндүн», «Кыяматтын», «Кассандра тамгасынын», «Тоолор кулаганданын» – негизги, канондук тексттери, ошондой эле залкар калемгердин адабий-теориялык көз караштары,

аксиологиялык аспекттеги ой-пикирлери түз чагылтылган макалаларынын, интервьюларынын, маектеринин тексттери түзүшөт. Биз эң ириде ушул материалдарга изилдөө объектиси катары таянуу менен өз изилдөөбүздүн максатын жана милдеттерин ырааттуу түрдө жүзөгө ашырабыз. Ошондой эле Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгын өздөрүнүн изилдөөлөрүнүн объектиси менен предметине айлантышкан абройлуу окумуштуулардын маанилүү илимий-теориялык эмгектерин да илимий булак катары пайдаланып, ылайыгына жараша изилдөө объектисине киргизебиз.

Экинчиден, диссертациянын предметин белгилей кетсек, биздин изилдөөбүздүн **негизги предметин** залкар калемгерибиз Чыңгыз Айтматовдун романдарынын аксиологиялык мазмуну, ал романдарда ачылып берилген автордун жана ал түзгөн кейипкерлердин тутунган ченемдеринин, карманган дөөлөттөрүнүн жана идеалдарынын татаал карым-катнашы, романдарда турмуштук багыттардын, нарк-дөөлөттөрдүн баркы менен баасынын төмөндөөсү жана алардын кайра баалануусу процесстеринин чагылуусу, ошондой эле аларда бүтүндөй бир аксиологиялык комплекстердин татаал айкалышуусу жана чырмалышуусу көрсөтүлгөнү түзүп турат. Изилдөөнүн предметине Чыңгыз Айтматовдун романдарында көркөм берилген аксиологиянын алынуусу, автордун жана ал жараткан өзөктүү кейипкерлердин – мисалы, Эдигейдин, Казангаптын, Абуталиптин, Авдийдин, Иисустун, Бостондун, Филофейдин, Роберт Борктун, Арсендин, Элестин – дөөлөттүк багыт алууларын, дөөлөттөр тутумун, алардын өнүгүү мыйзам ченемдүүлүктөрүн өз эмгегибизде ичкериден тереңдете ачуу мүмкүнчүлүгүн берет. Мына ушул жагдай бизге Чыңгыз Айтматовдун романдарында өзгөчө аксиологиялык өлчөм бар экенин илимий негизде талдоого алууга жана аныктоого, айкындоого шарт түзөт.

Биз жасаган изилдөөнүн **илимий проблемасы –** Чыңгыз Айтматовдун романдарында биринен экинчисине табигый түрдө агып өтүп келген түбөлүктүү адамзаттык дөөлөттөр камтылганы, ушул себептен улуу калемгердин романдарына аксиологиялык түшүнүктөрдүн жарыгында, шооласында илимий талдоо жүргүзүү зарылдыгы болуп саналат. Залкар сүрөткердин алгачкы романынан баштап, эң соңку романдык туундусуна чейин өз боюнда жалпы адамзаттык дөөлөттөрдү чагылтууга басым жасалат, албетте, бул көрүнүш окумуштуулардын изилдөөлөрүндө көз жаздымында калбайт, бирок алар аталган романдарга карата комплекстүү аксиологиялык талдоо жасоого, изилдөө жүргүзүүгө чейинки деңгээлге өнүгүп жетпейт.

Ч. Айтматовдун терең ойго, бийик идеяга каныккан, жаркын идеалдарга умтулган чыгармачыл чабыты кайсы гана мезгилде болбосун – советтик доордобу, же постсоветтик учурдабы – идеалдуу, моралдык жактан таза, аруу инсан туурасындагы автордук көз карашын ар дайым башкы орунга коюп келген.

Дал ушул жагдайды залкар калемгердин романдарынын негизги делген каармандарынын өмүр жолу, ишмердиги, ой-санаасы, жүрүм-туруму айдан ачык күбөлөндүрөт. «Кылым карытар бир күн», «Кыямат», «Кассандра

тамгасы», «Тоолор кулаганда» романдарынын кейипкерлеринин өмүр тагдырлары бардык эле адамдар, өзгөчө жаштар үчүн инсан катары калыптануу, өзүн издөө жолунда бийик үлгү, нуска катары кызмат өтөй алат. Эдигей, Казангап, Абуталип, Авдий, Бостон, Филофей, Роберт Борк, Энтони Юнгер, Арсен, Элес өңдүү каармандардын кылган иштери, айткан сөздөрү, жүргөн-турганы аркылуу автор өз көкүрөгүн уялаган ойлорун, идеяларын калың журтка жарыя айтат. Башкача айтканда, автор өз образдары аркылуу өздүк дөөлөттөр тутумун берет, алардын мүнөз-кыялына турмушта өзү баалаган, аздектеген руханий-адептик дөөлөттөрдү сиңирет.

Арийне, биз автор өз көркөм дөөлөттөрүнө терең сиңирген баалуулуктардын арасынан акыйкаттык, жакшылык, сулуулук категорияларына өзгөчө көңүл бурдук. Бир караганда бул биздин изилдөөбүз жалаң философиялык мүнөз күтүп калгандай таасир калтырышы ыктымал. Бирок орус адабиятчылары жогорку үч баалуулукту адабият таануунун арсеналына бекем орун-очок алдырышты. Алсак, Е. В. Попова өзүнүн «Ценностный подход в исследовании литературного творчества» аттуу 10.01.08 – адабият теориясы адистиги боюнча жазылган докторлук диссертациясынын IV бабында «Истина, Добро и Красота как инвариантные признаки художественности» деген параграфта бул категориялардын адабият таануудагы маани-маңызын терең ачып берет [Попова, Е. В.Ценностный подход в исследовании литературного творчества: дисс. … док. фил. наук: 10.08.01. – Москва, 2004. – 326 с.].Ал эми Т. Н. Ковалева «Художественное время-пространство романа И.А. Бунина "Жизнь Арсеньева"» аттуу 10.01.01 – орус адабияты адистиги боюнча корголгон кандидаттык диссертациясынын 3-бабында «Поиск высшей истины как смысл движения Арсеньева» деген параграфта изилдөөгө объект болгон романдын башкы персонажынын иш-аракеттеринин маңызын бийик акыйкаттыкты издөө түзө турганын белгилейт [Ковалева, Т. Н.Художественное время-пространство романа И.А. Бунина "Жизнь Арсеньева": дисс. … канд. фил.наук: 10.01.01. – Ставрополь, 2004. – 182 с.].Инь Лю болсо «Творческая эволюция Е.А. Нагродской в контексте идейно-эстетических исканий 1910-х годов» аттуу 10.01.01 – орус адабияты адистиги боюнча корголгон кандидаттык диссертациясынын1-главасында «Идеи красоты и безобразия в романе «У бронзовой двери» (1914)» аттуу 2-парагафта, «Художественное воплощение этических категорий «зла» и «добра» вромане «Злые духи»» деген 3-параграфта сулуулук жана серттик, жакшылык жана жамандык категорияларына өзгөчө көңүл бөлөт [Лю, Инь. Творческая эволюция Е. А. Нагродской в контексте идейно-эстетических исканий 1910-х годов: дисс. … канд. фил.наук: 10.01.01. – Москва, 2014. – 267 с.66]. Көрүнүп тургандай, биз карап чыккан баалуулуктар таза философиянын аймагынан адабият таануунун аймагына табигый түрдө көчүп киришкен. Андыктан, биздин изилдөө адабият таануу менен философиянын интеграциясынын үлгүсү дешке болот.

Ошентип, биз изилдөөнүн объектиси катары караган романдарда терең жана көп кырдуу аксиологиялык предмет бар. Аны биз аксиологиянын

методологиясын адабият таануунун принциптерине айкалыштырып изилдөө менен жакшы илимий натыйжаларга жетише алабыз.

**2.2. «Чыңгыз Айтматовдун романдарын баалуулуктук изилдөөнүн методологиясы жана методдору»** деп аталган параграфта Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгын, анын ичинде романдарын адабият таануучулук изилдөөдө аксиологиялык методологияны колдонуунун негиздүүлүгү аныкталды.

Бүгүнкү күндө орус филологиясында аксиологиялык тематика менен проблематикага кайрылып иштелген, изилдөөнүн темасында аксиология, баалуулук, дөөлөт сөздөрү эч тартынбай колдонулган диссертациялар жүздөп саналат. Мисалы, Д. А. Абдуллина, И. А. Анашкина, Т. С. Власкина, И. А. Есаулов, В. Б. Петров, И. К. Подковыров, А. С. Собенников ж.б. көптөгөн окумуштуулар өз изилдөөлөрүндө аксиологиялык мамилени активдүү колдонуп келишет. Орус адабият таануусунда аткарылган дөөлөттүк аспекттеги адабият таануучулук эмгектер биздин изилдөөбүздүн методологиялык өзөгүн түзөт. Биз негизинен Д. А. Абдуллинанын эмгегине басымдуу таяндык.

Кыргыз адабият таануусунда болсо бул багыттагы иштер жаңы гана башталып жатат. Алсак, адабият таануучу А. С. Жантаев өзүнүн бир нече макалаларын жана докторлук диссертациясын аксиологиянын негиздерин кыргыз адабият таануусунда колдонуу келечектерине, баалуулук категориясы адабий процессти аксиологиялык изилдөөнүн өбөлгөсү боло аларына, кыргыз адабият таануусунда аксиологиянын методологиясын колдонууга, кыргыз илиминде адабият таануучулук изилдөөлөрдү жүргүзүүнүн методологиясын өзгөртүү зарылдыгына, көркөм дөөлөттү баалоонун чен-өлчөмдөрүнө, XX кылымдагы кыргыз профессионал адабиятындагы көркөм дөөлөттөрдү аныктоодогу проблемаларга, XX кылымдагы кыргыз профессионал адабиятын аксиологиялык изилдөөнүн негиздерине арнаган. Анын оюу боюнча: «Применение методологии аксиологии в литературоведческих исследованиях позволяет расширить горизонты кыргызского литературоведения» [Жантаев, А. С. Методология аксиологии в кыргызском литературоведении // Проблемы современной науки и образования. - 2016. - №23 (65).- С. 42]. Биз анын илимий-теориялык көз караштарына да ылайыгына жараша таянуу менен өз изилдөөбүздү дөөлөттүк аспектиден жүргүзүүнү туура таптык.

Ал эми кыргыз элинин сыймыгы болгон Чыңгыз Айтматовдун көркөм чыгармачылык ишмердүүлүгүнө, атап айтканда, романдарына келсек, бул жерде идеялык-эстетикалык өзгөчө татаалдыктарга кабыла турганыбыз бышык. Анткени ал адам жашоосунун бардык кырларында орун алуучу дөөлөттөрдү толук өлчөмдө камтууга умтулган. Анын романдарынан философиялык, этикалык, эстетикалык, руханий дөөлөттөр менен байма-бай кездешебиз. Албетте, ал диний өңүттөгү көз караштарын да ортого салат. Анын романдарынын мына ушундай мазмундук-маанилик көп кырдуулугу, ичине адам жашоосунун миңдеген сырларын каткан идеялык тереңдиги, аларды дөөлөттүк аспекттен изилдөө керектигин бизге айтып турат.

Биз өз диссертациябызда Чыңгыз Айтматов өз романдарында түзгөн көркөм дүйнөнүн аксиологиялык мазмунун ошол чыгармалардын каармандарынын дөөлөттүк багыт алуулары деңгээлинде карап чыгууга умтулабыз. Бирок мында аталган романдарда автордук аксиологиянын көркөм берилишине да олуттуу көңүл бурулат.

Жыйынтыктай келсек, биздин изилдөөнүн **методологиясы** орус окумуштуулары – Д. А. Абдуллинанын, Т. С. Власкинанын, Г. П. Выжлецовдун, В. Б. Петровдун, В. А. Свительскийдин, ж.б. – жазуучулардын чыгармачыл изденүүлөрүндөгү дөөлөттүк багыт алуу факторунун мааниси жана адабий чыгармалардын көркөм дүйнөсүндөгү тиешелүү дөөлөттүк өлчөмдүн мазмундуулугу жөнүндөгү идеяларына негизделди.

Мындан тышкары, белгилүү Айтматов таануучулардын – Г. Д. Гачевдин, В. Левченконун, кыргыздын көрүнүктүү окумуштууларынын – А. А. Акматалиевдин, С. Алахандын, К. Артыкбаевдин, К. Асаналиевдин, Ж. Бакашованын, К. Бобуловдун, К. Ибраимовдун, О. Ибраимовдун, Э. Нурушевдин, А. Садыковдун, Л. Үкүбаеванын, А. Эркебаевдин ж.б. – Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгына, анын ичинде ал жараткан романдарга байланыштуу ой-пикирлери улуу жазуучунун романдарындагы көркөм аксиологияны ачуу үчүн зарыл илимий-теориялык, методологиялык өбөлгө катары колдонулду.

Чыңгыз Айтматовдун романдарын изилдөө үчүн төмөнкү негизги талдоочулук усулдарды айкалыштыруу методологиялык таяныч болуп саналат:

1) проблемалык-тематикалык (залкар жазуучу жараткан романдардын проблематикасы менен тематикасын анын дүйнө таанымынын өзгөчөлүктөрү менен байланышта изилдөө);

2) генеалогиялык (автордун романдарынын образдуулугунун, жазуучунун эстетикалык жана философиялык ой толгоолорунун башаттарын изилдөө);

3) тарыхый-адабий (жазуучунун романдарын анын чыгармачылыгынын жана тарыхый процесстин контекстинде изилдөө).

Диссертацияда Чыңгыз Айтматовдун жогоруда аталган романдарын аксиологиялык түшүнүктөрдүн жарыгында талдоого карата тутумдуу мамиле сынак иретинде колдонулат, ал ийгиликтүү чыккан учурда адабий чыгарманы түшүндүрмөлөөнүн, чечмелөөнүн аксиологиялык усулу макамын алууга талаптана алат.

**2.3.«Изилдөөнүн негизги материалдарына кыскача адабий-теориялык экскурс»,** мында залкар жазуучунун романдары боюнча адабият таануучулук талдоо берилет.

Залкар калемгер Чыңгыз Айтматовдун романдарынын башкы тематикасы адам жана анын турмушу, проблематикасын болсо адам коомундагы көп сандаган көйгөйлөр түзөт. Романдардын дээрлик баарынын пафосу трагедиялуулугу, драмалуулугу менен айырмаланат.

**«Кылым карытар бир күн»** көп катмарлуу роман-метафора болуп саналат. Романдын сюжеттик катмарларында окурман мифология, реалдуулук, фантастика эриш-аркак жуурулушкан көп маанилүү окуялардын күбөсү болот,

Айтматов элдин өзүнө таандык маданияттын салттуу баалуулуктарынан кол үзүү аркылуу жоголууга бет алганын жана коомдун адеп-ахлактык бейнеси өзгөргөнүн чеберлик менен сүрөттөйт.

**«Кыямат»** романында окуялар үч деңгээлде өнүктүрүлөт. Романдын аталышы символдуу мааниге ээ, ал ар бир адам өз жашоосунда адептик-баалуулуктук тандоо жасоосу зарылдыгын жана кээде адамдын чечими аны инсандык кыяматка жетелеп барарын каймана түрдө билдирет. Романдын композициялык түзүлүшү өз ара үч сюжеттик сызык менен байланышкан үч бөлүктөн турат, анын биринчисинде Авдий Каллистратовдун тагдыры, экинчисинде Акбара менен Ташчайнардын тагдыры, үчүнчүсүндө Бостондун тагдыры сыпатталат.

**«Кассандра тамгасы»** романында болсо, утопия менен антиутопиянын синтезине орун берилет. Чыңгыз Айтматовдун бул романынын проблемалык талаасы көптөгөн утопиялык концепцияларга каныктырылган, алар бул жерде чыңалган көркөмдүк жана интеллектуалдык аңдаштыруунун предметине айланышат. Постжолбашчылык, технократиялык, сциентисттик, жалган демократиялык утопиялардын туткунунда турган адамзатка, романдын баалуулуктук тутумунда өзүн курмандыкка чалган, өткөндүн идолдорун тайманбастан кыйраткан, ошол эле учурда «өркүндөтүлгөн» илимий акыл-эстин жемиши катары пантеизм менен «синтетикалык» дүйнөлүк диндин кесилишиндеги жалган диний утопияны астыртан тургузган интеллектуалдын, ойчул-конформисттин инсаны каршы турат.

**«Тоолор кулаганда»** романы Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгында өзгөчө орунду ээлейт. Ал калемгердин жыйынтыктоочу көркөм туундусу болуп саналат да, жазуучунун негизги идеяларын камтып, анын прозасынын жаңычыл жана салттуу белгилерин жуурулуштурат. Чыгарманын башкы тематикасын адамдын ар түрдүү кырдаалдарда адамгерчилигин жоготпой калуусу түзөт. Проблематика болсо адаттагыдай эле өтө кеңири – ага адам табиятынын бузулуусу, керектөөчүлүк психологиянын, эгоизмдин, көр дүйнөгө азгырылуунун кеңири жайылуусу ж.б. орчундуу маселелер камтылган. Б.а. романда калемгер өзүн түйшөлткөн коомдук көйгөйлөрдү чагылтып, башкы кейиркердин – Арсендин бейнесине, жүрүм-турумуна өзүнө мүнөздүү баалуулуктарды сиңирген жана уюткан.

**Жыйынтык.** Изилдөөбүздүн **башкы объектисин** Чыңгыз Айтматовдун романдарынын, ошондой эле калемгердин адабий-теориялык көз караштары, аксиологиялык аспекттеги ой-пикирлери түз чагылтылган макалаларынын, интервьюларынын, маектеринин тексттери түзөт. Ал эми **негизги предмети** – залкар калемгерибиздин романдарынын аксиологиялык мазмуну, ал романдарда ачылып берилген автордун жана ал түзгөн кейипкерлердин тутунган ченемдеринин, карманган дөөлөттөрүнүн жана идеалдарынын татаал карым-катнашы, романдарда турмуштук багыттардын, нарк-дөөлөттөрдүн баркы менен баасынын төмөндөөсү жана алардын кайра баалануусу процесстеринин чагылуусу, ошондой эле аларда бүтүндөй бир аксиологиялык комплекстердин татаал айкалышуусу жана чырмалышуусу көрсөтүлгөнү болуп

саналат. **Методологиясын** болсо орус окумуштуулары – Д. А. Абдулинанын, Т. С. Власкинанын, Г. П. Выжлецовдун, В. Б. Петровдун, В. А. Свительскийдин ж.б., ошондой эле кыргыз изилдөөчүсү А. Жантаевдин аксиологиялык көз караштары түзүп турат. Дагы, белгилүү Айтматов таануучулардын – Г. Д. Гачевдин, В. Левченконун, кыргыздын көрүнүктүү окумуштууларынын – К. Асаналиевдин, А. Садыковдун, Л. Үкүбаеванын, А. А. Акматалиевдин, О. Ибраимовдун, Ж. Бакашованын, С. Тиллебаевдин ж.б. эмгектери илимий-теориялык, методологиялык өбөлгө катары колдонулду. Изилдөөнүн негизги материалдары болгон романдарга адабий-теориялык экскурс жасоо аркылуу, Чыңгыз Айтматовдун аталган чыгармаларынын тематикасы, проблематикасы жана пафосу ачылып берилди.

**«Чыңгыз Айтматовдун романдарынын көркөмдүк-аксиологиялык мазмуну»** деп аталган **үчүнчү бап** беш параграфтан турат. Мында залкар калемгер өз романдарында негиз катары берген адамзаттык баалуулуктар тууралуу сөз болот.

Улуу калемгер Чыңгыз Айтматовдун дээрлик бардык романдары – «Кылым карытар бир күн», «Кыямат», «Кассандра тамгасы», «Тоолор кулаганда» – терең аксиологиялык мазмунга ээ. Буларда баарыдан мурда автордун тутунган дөөлөттөрү ал жараткан кейипкерлердин образдары аркылуу көркөмдүү ачылып берилет. Залкар сүрөткердин аталган романдарында автордун таанымдык, эстетикалык жана адеп-ахлактык дөөлөттөрү таасын чагылтылат. Биз ал жараткан романдарды сөздүн толук маанисинде көркөм-адабий ачылыштар катары карай алабыз, буга романдардын мазмунунда түбөлүктүү адамзаттык дөөлөттөр – мисалы, **Акыйкаттык, Жакшылык, Сулуулук** дөөлөттөрү – басымдуу камтылганы негиз болуп берет. Автор өз ойлорун, идеяларын окурмандарына көрсөтмөлүү, ынанымдуу, элестүү, жеткиликтүү берүү үчүн ушул дөөлөттөрдү таяныч катары пайланат. Аталган дөөлөттөргө тикелей байланышта калган башка турмуштук-материалдык, руханий-адептик дөөлөттөр – алсак, үй-бүлө, сүйүү, эмгек, ишеним, абийир, уят, ар-намыс ж.б. – тууралуу кеңири сөз болот. Биз Айтматовдун романдарынын идеялык-концепциялык негизин түзгөн башкы үч дөөлөттүн - **Акыйкаттык, Жакшылык, Сулуулук** дөөлөттөрүнүн – ар бирине кеңири токтолуп талдоо жасайбыз. Ошондой эле залкар сүрөткер өз романдарында адам баласы үчүн жогоркулардан кем мааниге ээ болбогон **Эмгек, Үй-бүлө** дөөлөттөрүнө карата мамилесин кандайча туюнтканына да көңүл бура кетебиз.

**3.1. «Чыңгыз Айтматовдун романдарындагы «акыйкаттык».** Көркөм адабиятта Акыйкаттык дөөлөтү көп чагылтылат. Буга мисалдарды Чыңгыз Айтматовдун биз изилдөө объектиси катары алган романдарынан арбын таба алабыз. Ал көркөм чыгармачылык ишмердүүлүктө Акыйкаттыкка чоң маани берген. Алсак, «Кылым карытар бир күндө» Эдигей Жангелдин Акыйкаттык үчүн күрөшкө аттанып, Абуталип Куттыбаевдин актыгын далилдөөгө жетишет. «Кыяматта» Бостон Акыйкаттык үчүн күрөшүүдөн жазбай, партиялык функционерлердин кемчиликтерин ачык айтат. «Кассандра тамгасында» Роберт

Борк, «Тоолор кулаганда» романында Арсен Саманчин Акыйкаттык үчүн акыркы демине чейин күрөшөт.

Жыйынтыктасак, заманыбыздын залкар жазуучусу Чыңгыз Айтматов өзүнүн дээрлик бардык романдарында Акыйкаттык дөөлөтүн эң башкы орунга коёт. Анын романдарынын башкы каармандары өз жашоолорунда дайыма акыйкаттыкты туу тутушат.

**3.2. «Чыңгыз Айтматовдун романдарындагы «жакшылык»».** Чыңгыз Айтматовдун дээрлик бардык романдарында – советтик доордогу дагы, постсоветтик доордогу дагы, **жакшылык маселеси**, жалпы адамзатка жакшылык каалоо, жакшылык жасоо тилеги эң алдыңкы орунда даана бөлүнүп турат.

«Кылым карытар бир күн» романындагы каармандардын кыйласы – Казангап, Эдигей, Абуталип, Елизаров ж.б. – адам баласына жакшылык тилеген инсандар. Турмушта жакшылыктын үстөм болушуна мына ушундай жакшы адамдар өбөлгө болушат. Албетте, негедир адам коомунда жакшы адамдар аз кездешет, бирок алардын шарапаты жалпы баарына тиет. «Кыямат» романынын башкы каармандары – Бостон Үркүнчиев, Авдий Каллистратов, Иисус Назарянин – адам баласына жалаң жакшылык гана каалашат. Бирок алардын турмушу азабы-тозогу күч окуялар менен коштолот. «Кассандра тамгасы» романындагы Филофей, Роберт Борк, Энтони Юнгер өңдүү каармандар **жакшылыкка** кызмат өтөшөт. Филофейдин ачылышын эгер туура түшүнүп, туура урунса, адам расасынын жакшыруусуна, арууланиуусуна илимий-практикалык негиздеги орчундуу өбөлгө түзмөк. Бул аз айып, көп күнөөгө батып, карайлап турган адамзат үчүн өлчөөсүз жакшылык болмок. «Тоолор кулаганда» романын тепчип өткөн негизги идея – Жакшылык менен бекем байланышта. Башкы каарман Арсен Саманчин турмуштан катуу сокку жеп (өзү сүйгөн аялзатынан, өзү аздектеген кыялдарынан айрылып), оюнда өч алууну (жамандык кылууну, киши өлтүрүүнү) гана эңсеп калат. Бирок аягында ал Жакшылыкка бет алат да, өзүн курман чалуу менен (кайра эле!) нечен адамдарды (ниети карарган Таштанафганды ж.б.) жамандык жолунан сактап калат. Анын окуясы Иисус Назаряниндин, Авдий Каллистратовдун, Роберт Борктун таржымалы менен абдан үндөшүп турат.

Ошентип, Чыңгыз Айтматовдун бардык романдарында **Жакшылык** менен **Жамандыктын** күрөшү өтө курч астыга коюлат. Чыгармалардын финалында жамандык үстөмдүк кылып кеткендей туюлганы менен чындыгында аларда моралдык жеңиш ар дайым **жакшылык** тарабында болот. Маселе аталган романдарда камтылган Жакшылыктын учкундарын, үрөндөрүн жалпы окурмандар журтуна, адамзатка кантип жеткирүү, түшүндүрүү керек экенинде турат.

**3.3. «Чыңгыз Айтматовдун романдарындагы «сулуулук»».**Кыргыздын атактуу калемгери Чыңгыз Айтматовдун романдарында Сулуулук ар тараптуу бааланат жана түшүнүлөт. Жазуучу адамзаттын тышкы сулуулугун да, анын иш-аракетинин сулуулугун да, ички дүйнөсүнүн сулуулугун да комплекстүү карап баалайт.

«Кылым карытар бир күн» романындагы каармандардын дээрлик көпчүлүгү өздөрүнүн рухандуулугу менен сулуу. Казангап да, Эдигей да, Абуталип да, Бүкөй да, Үкүбала да, Зарипа да ички дүйнөсү таза, ымандуу адамдар. Аларды кудурети күчтүү Жазмыш түркүн алакеттен өткөрөт, өмүр жолунда түрдүү сыноолорго дуушарлантат. Ошентсе да бул каармандар өздөрүнүн адамкерчилигин бийик сактаган бойдон калышат. Алар мына ушунусу менен улуу да, сулуу да болуп туюлат. Эзелки заманда Демокрит белгилегендей, адамдын денелик сулуулугу ага акыл-эс айкалышпаса, анда түккө да арзыбайт. «Кыямат» романына келсек, анын башкы каармандары да терең рухандуу, ички дүйнөсү сулуулукка эгедер асыл адамдар. Иисус Назарянин, Авдий Каллистратов, Бостон Үркүнчиев – баары тең өздөрүнүн ишмердиги менен улуу жана сулуу кейипкерлер. «Кассандра тамгасы» романындагы Филофей, Роберт Борк, Энтони Юнгер да өз адамгерчиликтери, адамды сүйгөндүктөрү менен сулуу. Алар бүт дүйнөгө, коомго гумандуу мамиле кылышат. Бирок адам коому Филофейге жана Боркко карата өз гумандуулугун көрсөтпөй, сыртын салат, жерип таштайт. «Тоолор кулаганда» романынын окуялары да чыныгы Сулуулук адамдын жан дүйнөсүндө, ишмердүүлүгүндө жатканын айгинелеп берет. Мунун күбөлүгү Арсен Саманчиндин жана Элестин тагдырлары болуп саналат.

Жыйынтыктасак, Чыңгыз Айтматовдун каleminен жаралган романдардын бардыгында Сулуулук руханий-адептик дөөлөтү байыркылар айткандай, салыштырмалуу мүнөздө чагылтылат. Чыгаан калемгер адамдын башкы касиети – анын ички дүйнөсүнүн, акыл-эсинин мөлтүр булактай тазалыгы, сулуулугу, аруулугу деп эсептейт. Башка адамдарга – замандаштарына жана урпактарга мына ушундай аруу, таза болууну насыяттайт.

**3.4. «Чыңгыз Айтматовдун романдарындагы «эмгек»».** Улуу сүрөткер Чыңгыз Айтматов өзүнүн советтик доордогу романдарында **Эмгек** дөөлөтүнө да астейдил көңүл бурат. Ал «...эмгек адамы... жер үстүндө тирлик канын жүргүзө турганын» [Айтматов, Ч. Чыгармаларынын жыйнагы: IV том. – Бишкек: Улуу тоолор, 2014.- 68-б.] айтат. Калемгердин оюу боюнча: «Эмгекчилдик – адам касиетиндеги эң негизги жана зарыл сапаттардан экени баарыга белгилүү. Адамдын ким жана кандай адам экендигин да анын эмгеги аркылуу билебиз» [Айтматов, Ч. Чыгармаларынын жыйнагы: IV том. – Бишкек: Улуу тоолор, 2014. - 68-б.]. Анын айтканы ырас, эмгекчилдик сапаты адамды башкалардан айырмалап туруучу башкы белгилерден болуп саналат. Эмгекчил адам бешене тери менен оокат кылып, башка адамдарга эч кара санабайт. Анын жан дүйнөсүндө эмгекчилдик жакшылык менен айкалыша орун алат. Залкар жазуучубуз «Эмгек сүйгөн адамдарды кандайдыр бир сырдуу жакындык бириктирип тургандай, алар бири-бирин алыстан тааный билет жана түшүнөт, түшүнө албаса – ойлонот» [Айтматов, Ч. Чыгармаларынын жыйнагы: IV том. – Бишкек: Улуу тоолор, 2014.- 69-б.] деп белгилейт. Ал өз чыгармаларында, өзгөчө романдарында, мына ушул руханий жакындыкты чагылтып берет. Алсак, «Кылым карытар бир күндөгү» Эдигей менен Казангап, «Кыяматтагы»

Бостон менен Эрназар – эмгекчил адамдар, ошол себептен алар бири-бирин абдан жакшы түшүнөт.

«Кассандра тамгасы», «Тоолор кулаганда» романдарында турмуш-жашоонун өзөгү, түркүгү болгон эмгекчи адамдардын элестүү образы жок. Бирок аларда эзелтен адамды адам кылып келаткан эмгек дөөлөтүнө карата мамиле рынок заманында түп-тамырынан бери өзгөргөнү ачык-айкын тартылган. Чыңгыз Айтматов соңку романдарында да өзүнүн көкүрөгүн өйүгөн коомдук проблемаларды чагылткан. Ал проблемалардын эң башкылары – адамдар турмушта карманган дөөлөттөр тутумунун ылдам өзгөрүүсү жана керектөөчүлүк психологиянын, маданияттын улам барган сайын кеңири кулач жайып жатуусу болчу. Аталган чыгармаларда бүгүн коомдук турмушта жалган дөөлөттөр – **байлык, акча, мансап, бийлик** алдыга чыгып, түбөлүктүү дөөлөттөр – **акыйкаттык, жакшылык, сулуулук, сүйүү, ишеним, өмүр, үй-бүлө, эмгек** ж.б. артка сүрүлүп калганы таамай көрсөтүлгөн.

**3.5. «Чыңгыз Айтматовдун романдарындагы «үй-бүлө».** Чыңгыз Айтматовдун биз талдоого алган романдарында үй-бүлө дөөлөтүнүн күңгөй-тескей кырлары жетиштүү эле чагылтылат.

Алсак, «Кылым карытар бир күн» романында тагдыр жолу окшош болсо да, ички уюмдашуусу, ынтымак-ырашкерлиги ар башка бир катар үй-бүлөлөр элестүү сүрөттөлөт. Мисалы, Эдигейдин, Казангаптын, Абуталиптин, Сабитжандын үй-бүлөлөрү. Аталган үй-бүлөлөрдү бири-бирине чукулдатып да, айырмалап да турган нерсе – бул алардын дөөлөттүк тутумдары.

«Кыямат» романында үй-бүлө дөөлөтүнө карата эки башка мамилени Бостон менен Базарбай көрсөтөт. Жазуучу ушул эки кейипкердин өз очогуна карата мамилелерин контрасттуу көрсөтүү менен бул турмушта үй-бүлөнү ыйык кармоо, бекем сактоо, аздектеп кароо зарылдыгын баса белгилейт.

Базарбай менен Бостондун үй-бүлө дөөлөтүнө карата көз караштарында чоң ажырым бар. Жазуучу аны көрсөтүү менен үй-бүлө турмуштагы чоң дөөлөт экенин дааналап тартып берет.

«Кассандра тамгасы» романында дагы үй-бүлө дөөлөтүнө астейдил көңүл бурулат. Бул чыгармадагы үй-бүлөнүн ээлери – футуролог окумуштуу Роберт Борк жана анын аялы Жесси. Роберт Борк өз зайыбына абдан ишенип, бардык маселеде аны менен кеңешип турат. Жесси да күйөөсү менен сыр чечишүүнү жанындай жакшы көрөт. Алардын ортосундагы үй-бүлөлүк алака бири-бирин сыйлоого, бири-бирине бекем ишенүүгө жана терең сүйүүгө негизделген. Ошентип, булар үй-бүлө дөөлөтүн сый-урмат, ишеним, сүйүү дөөлөттөрү менен чындап уютушкан.

«Тоолор кулаганда» романында кыргыз коомунда да үй-бүлөлүк проблемалар абдан кыйчалыштуу мүнөзгө чейин өсүп жеткени көрсөтүлөт. XX кылымдын 80-90-жылдарында батыш өлкөлөрүндө үй-бүлө дөөлөтү анчалык мааниге ээ болбой калганы айтылчу. Эми, XXI кылымдын башында кыргыз коому да ушул проблемага келип такалды. Бүгүнкү күндө үй-бүлө дөөлөтүн асылдантуучу сүйүү, ишеним, сый-урмат, ынтымак-ырашкерлик дегендер

курулай сөзгө айланган. Дал ушул жагдайды Айдана Самарованын жана Бектур Саманчиндин турмуштук көз караштарынан баамдай алабыз.

Жогоруда баяндалгандардан көрүнүп тургандай, Чыңгыз Айтматовдун бардык романдарында үй-бүлө маселесине турмуштук бийик дөөлөт катары мамиле жасалган. Ал үй-бүлөлүк турмуш, эрди-катындын ортосундагы алака-катнаш жаатындагы өзүнүн жеке көз караштарын каармандарынын тагдыры аркылуу ачып көрсөткөн.

Ошентип, биздин изилдөөбүздүн объектисин түзгөн романдарда негизги предмет катары көркөм аксиология, дөөлөттүк мазмун алдыга чыгарылып, материалдардын аксиологиялык аспектте кеңири талдануусу аркылуу Чыңгыз Айтматовдун романдарынын аксиологиялык мазмунга – автордун дөөлөттөр тутуму ал жараткан кейипкерлерге өткөрүлүүсүнө – ээ экени айкындалды. Биз диссертациялык иште аксиологиянын методологиясын колдонуп, автордун, ал түзгөн каармандардын, анын билгич окурмандары болгон окумуштуулардын турмушта карманган дөөлөттөрүнүн белгилүү бир деңгээлде шайкештикке ээ экенин ачууга аракеттендик.

**Жыйынтык.** Чыңгыз Айтматов өзүнүн романдарында Акыйкаттык, Жакшылык, Сулуулук, Эмгек, Үй-бүлө баалуулуктарына абдан чоң маани берген. Чын-чынына келгенде, аталган баалуулуктар тууралуу адамзаттын мыкты ойчулдары илгертеден ой жүгүртүп келишкен. Бул адамзаттык дөөлөттөр адам баласынын турмушунда чоң роль ойношот. Көрөгөч калемгер мына ушуну жаземдебей баамдаган.

## КОРУТУНДУ

Дүйнөлүк масштабда аттын кашкасындай белгилүү болгон кыргыздын залкар сүрөткери Чыңгыз Айтматовдун романдарынын көркөм аксиологиясын, б.а. анын романдарында камтылган автордук дөөлөттөр тутумун, ошол өздүк дөөлөттөрүн жазуучу өз кейипкерлерине кандайча өткөргөнүн, ал түзгөн каармандардын дүйнөгө, турмушка карата дөөлөттүк көз караштарынын автордуку менен дал келүүсүн изилдөөнүн жыйынтыктарын чыгара келип, төмөнкүдөй бир катар тыянактарды жасоого болот:

1. Улуу жазуучу Ч. Айтматовдун чыгармачылыгы жалпы эле адабият таануу илиминде, ошондой эле танапташ социалдык-гуманитардык илимдерде, алсак, тил илиминде, педагогика илиминде, философия илиминде зор кызыгуу туудуруп, нечендеген илимий изилдөөлөрдүн объектисине жана предметине айлантылган. Белгилей кетүүчү жагдай, калемгердин чыгармачылыгы адабият таануу илиминин курамында жаңы салаанын – Айтматов таануу тармагынын пайда болуусуна алып келген. Бүгүнкү күндө аталган илимий тармак кадыресе күчтөнүп, адабият таануунун маанилүү курамдык бөлүгүнө айланды. Анын мындай олуттуу илимий салаага айлануусуна чет элдик жана кыргызстандык жүздөгөн окумуштуулар өз эмгектери менен салым кошушту. Ошолордун ичинен орчундуу эмгеги бар адабиятчылар катары А. А. Акматалиевдин, С. Алахандын, К. Артыкбаевдин, К. Асаналиевдин, Ж. Бакашованын, К.

Бобуловдун, Г. Д. Гачевдин, К. Ибраимовдун, О. Ибраимовдун, В. Левченконун, Э. Нурушевдин, А. Садыковдун, Л. Үкүбаеванын, А. Эркебаевдин ысымдарын атай алабыз. Алар Ч. Айтматовдун чыгармачылыгына байланыштуу көптөгөн проблемаларды изилдөөдөн өткөрүштү. Бирок дагы деле болсо Ч. Айтматовдун чыгармачылыгынын баалуулуктук негиздери изилденбей турат.

2. Азыркы мезгилде бүт дүйнөдө социалдык-гуманитардык илимдерде, анын ичинде адабият таануу илиминде да изилдөөнүн аксиологиялык методологиясы уламдан улам кеңири кулач жайып колдонула баштады. Аксиологиялык изилдөө объектинин, предметтин, көрүнүштүн, кубулуштун дөөлөттүк негиздерин аныктоого багытталат. Адабият таанууга колдонмолуу дөөлөттүк аспектте изилдөөдө калемгер жараткан көркөм-адабий туундулардын негизин түзгөн турмуштук, руханий-адептик дөөлөттөрдү аныктоо, тактоо максаты көздөлөт. Мында автордун, кейипкердин, окурмандын турмушта тутунган дөөлөттөрүнүн белгилүү деңгээлде дал келүүсүн ачууга басым жасалат. Улуу калемгерибиз Ч. Айтматовдун дээрлик бардык чыгармалары – аңгемелери, повесттери, романдары, драмалары, философиялык диалогдору, публицистикасы – анын автор катары карманган дөөлөттөрүн чагылтат. Ушунун өзү залкар сүрөткердин чыгармачылыгын, анын ичинде романдарын, дөөлөттүк негизде изилдөө кыргыз адабият таануусунун, өз кезегинде Айтматов таануу салаасынын өтө келечектүү багыты боло аларын айгинелейт. Анткени биз Ч. Айтматовдун чыгармаларын баалуулуктук аспектте изилдөө менен кыргыз адабият таануусунун масштабын эбегейсиз кеңейтүүгө жетишебиз.

3. Диссертациянынненегизги объектисин улуу сүрөткер Чыңгыз Айтматов жараткан романдардын – «Кылым карытар бир күндүн», «Кыяматтын», «Кассандра тамгасынын», «Тоолор кулаганданын» – негизги, канондук тексттери, ошондой эле залкар калемгердин адабий-теориялык көз караштары, аксиологиялык аспекттеги ой-пикирлери көрсөтмөлүү берилген макалаларынын, интервьюларынын, маектеринин тексттери түзүштү. Ушул материалдар изилдөө объектиси катары бизге диссертациянын алдына коюлган максатты жана милдеттерди ийгиликтүү орундатууга түрткү болду. Мындан тышкары Ч. Айтматовдун чыгармачылыгын изилдөө объектиси менен предметине айлантышкан окумуштуулардын илимий-теориялык эмгектери да илимий булак катары кызмат кылды.

Диссертациянын негизги предметин залкар калемгерибиз Чыңгыз Айтматовдун романдарынын аксиологиялык мазмуну, ал романдарда ачылып берилген автордун жана ал түзгөн кейипкерлердин тутунган ченемдеринин, карманган дөөлөттөрүнүн жана идеалдарынын татаал карым-катнашы, романдарда турмуштук багыттардын, нарк-дөөлөттөрдүн баркы менен баасынын төмөндөөсү жана алардын кайра бааланануусу процесстеринин чагылуусу, ошондой эле аларда бүтүндөй бир аксиологиялык комплекстердин татаал айкалышуусу жана чырмалышуусу көрсөтүлгөнү түздү. Изилдөөнүн предметине Ч. Айтматовдун романдарында көркөм берилген аксиологиянын

алынуусу, автордун жана ал жараткан өзөктүү кейипкерлердин – мисалы, Эдигейдин, Казангаптын, Авдийдин, Иисустун, Бостондун, Филофейдин, Роберттин, Энтонинин, Арсендин, Элестин – дөөлөттүк багыт алууларын, дөөлөттөр тутумун, алардын өнүгүү мыйзам ченемдүүлүктөрүн өз эмгегибизде ичкериден тереңдете ачуу мүмкүнчүлүгүн берди. Мына ушул жагдай бизге Ч. Айтматовдун романдарында өзгөчө аксиологиялык өлчөм бар экенин илимий негизде талдоого алууга жана аныктоого, айкындоого жол ачты.

4. Диссертацияда кыргыздын улуу калемгери Чыңгыз Айтматовдун дээрлик бардык романдары – «Кылым карытар бир күн», «Кыямат», «Кассандра тамгасы», «Тоолор кулаганда» – терең көркөмдүк-аксиологиялык мазмунга ээ экендиги аныкталды. Аталган романдарда баарыдан мурда автордун тутунган дөөлөттөрү ал жараткан кейипкерлердин образдары аркылуу көркөмдүү ачылып берилгени айкын болду. Залкар сүрөткердин бул романдарында автордун таанымдык, эстетикалык жана адеп-ахлактык дөөлөттөрү таасын чагылтылганы көрсөтүлдү. Биз ал жараткан романдарды сөздүн толук маанисинде көркөм-адабий ачылыштар катары карай алабыз, буга романдардын мазмунунда түбөлүктүү адамзаттык дөөлөттөр – мисалы, **Акыйкаттык, Жакшылык, Сулуулук** дөөлөттөрү – басымдуу камтылганы негиз болуп берет. Автор өз ойлорун, идеяларын окурмандарына көрсөтмөлүү, ынанымдуу, элестүү, жеткиликтүү берүү үчүн ушул дөөлөттөрдү таяныч катары колдонот. Аталган дөөлөттөргө тикелей байланышта калган башка турмуштук-материалдык, руханий-адептик дөөлөттөр – алсак, үй-бүлө, сүйүү, эмгек, ишеним, абийир, уят, ар-намыс ж.б. – тууралуу кеңири сөз болот. Айтылгандар диссертацияда биз талдаган романдардын дөөлөттүк табиятка ээ экенин далилдейт.

5. Диссертацияда Ч. Айтматовдун талдоого алынган романдарынын борбордук кейипкерлери – Эдигей, Казангап, Абуталип, Үкүбала, Зарипа («Кылым карытар бир күн»), Авдий, Иисус, Сандро, Бостон, Арзыгүл, Гүлүмкан («Кыямат»), Андрей Крыльцов-Филофей, Руна Лопатина, Роберт Борк, Жесси, Энтони Юнгер («Кассандра тамгасы»), Арсен, Элес («Тоолор кулаганда») – турмуштук, руханий-адептик оң дөөлөттөргө ээ болуп, жашоодо Акыйкаттыкты, Жакшылыкты, Сулуулукту алдыңкы орунга коюп, эволюциялык түрдө инсан катары өнүгүшкөнү ачылды. Эдигей, Казангап, Абуталип, Авдий, Иисус, Бостон, Филофей, Роберт, Энтони, Арсен, Элес турмушта акыйкаттыкты жогору баалашат, адамдарга жакшылык кылууга умтулушат. Жазуучу түзгөн кейипкерлер башкысы тышкы сулуулугу менен эмес, ички сулуулугу менен адамды арбап алышат. Мындан тышкары, автор Эдигейдин, Бостондун образдары аркылуу өзүнүн эмгек дөөлөтүнө карата көз карашын көрсөтмөлүү берет. Ал ак, таза эмгекти жогору бааларын туюндурат. Оливердин, Айдананын, Эрташтын, Бектурдун образдары аркылуу азыркы заманда эмгеккке карата мамиле терс жакка карай өзгөргөнүн билдирет. Ошондой эле жазуучу Эдигей менен Үкүбаланын, Бостон менен Арзыгүлдүн, Гүлүмкандын, Роберт менен Жессинин, анан күтүүсүз жерден, Арсен менен Элестин бири-бирине карата нукура сезимдерге эгедер мамилелери аркылуу үй-

бүлө дөөлөтүн ыйык тутарын, аны аздектей турганын көрсөтөт.Мунун баары калемгердин романдарынын борбордук кейипкерлери оң дөөлөттөрдү тутунуу менен инсан катары калыптанышканын, өсүп-өнүшкөнүн айгинелейт.

6. Биз диссертациянын объектисине жатуучу романдардын, ошондой эле жазуучунун адабий-теориялык көз караштары ачык берилген макала-маектеринин дөөлөттүк мазмунга ээ экенин аныктадык. Мунун өзү диссертациянын предметин түзүүчү проблемаларды – романдардын көркөмдүк-аксиологиялык мазмунун, романдарда ачылган автордун жана ал түзгөн кейипкерлердин тутунган ченемдеринин, карманган дөөлөттөрүнүн жана идеалдарынын татаал карым-катнашын, романдарда турмуштук багыттардын, нарк-дөөлөттөрдүн барк-баасынын төмөндөө жана алардын кайра баалануу процесстеринин чагылуусун, ошондой эле алардагы бүтүндөй бир аксиологиялык комплекстердин татаал айкалышуусун жана чырмалышуусун ишеничтүү көрсөтүүгө өбөлгө түздү. Мындан сырткары биз өз изилдөөлөрүн аксиологиялык аспектте жүргүзгөн орус адабиятчыларынын, ошондой эле белгилүү чет элдик жана кыргызстандык Айтматов таануучулардын эмгектерин зарыл теориялык-методологиялык таяныч катары пайдаландык.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

Диссертацияда алынган илимий натыйжалар кыргыз адабият таануусунун курамындагы Айтматов таануу салаасынын андан ары күрдөөлдүү өнүгүүсүнө олуттуу өбөлгө, түрткү болуп бере алышат.Алсак, келечекте улуу сүрөткерибиз Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгы боюнча көптөгөн маанилүү жана кызыктуу темаларда аксиологиялык аспекттеги адабият таануучулук изилдөөлөрдү жүргүзүүгө болот. Бул болсо Айтматов таануу тармагынын азыркыдан да кеңири алкакта, масштабда өнүгүүсүнө кенен жол ачат.

Мисалы, келечекте улуу жазуучунун чыгармачылыгы боюнча төмөнкүдөй болжолдуу темаларда изилдөөлөрдү жасоого болот:

1. «Чыңгыз Айтматовдун көркөм дүйнөсүндөгү адам баалуулуктарынын карым-катышы»;
2. «Чыңгыз Айтматовдун көркөм дүйнөсүнүн дөөлөттүк ориентирлери»;
3. «Чыңгыз Айтматовдун аңгемелеринин баалуулуктук мазмуну»;
4. «Чыңгыз Айтматовдун повесттеринин дөөлөттүк табияты»;
5. «Чыңгыз Айтматовдун драмаларынын поэтика-аксиологиялык аспектиси»;
6. «Чыңгыз Айтматовдун адабий-теориялык ойлорундагы аксиологиялык мазмун»;
7. «Чыңгыз Айтматовдун публицистикасынын аксиологиялык маңызы» ж.б.у.с.

Биз сунуштаган болжолдуу изилдөө темаларынын вариациялары мындан да арбын. Чынында эле залкар калемгердин чыгармачылыгын баалуулуктук аспектте изилдөө адабият таануунун ареалын болуп көрбөгөндөй кеңейтет.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ ТӨМӨНКҮ МАКАЛАЛАРДА ЧАГЫЛДЫРЫЛГАН:


**1. Ысакбаева, З.Т.** Ч. Айтматовдун романдарындагы көркөм аксиология [Текст] / З. Т. Ысакбаева // Известия вузов. – 2013. – №5. – 172-175-б.

**2. Ысакбаева, З.Т.** Азыркы адабият таануунун актуалдуу көйгөйлөрү: негизги тенденциялары жана өнүгүү келечектери [Текст] / З.Т. Ысакбаева // БГУжарчысы. – 2014. – №2 (28). – 115-118-б.

**3. Ысакбаева, З.Т.** Жакшылык Ч. Айтматовдун романдарында // Известия вузов.–2014.–№4.–182-184-б.
https://elibrary.ru/download/elibrary_24908273_49367806.pdf

**4. Ысакбаева, З.Т.** Акыйкаттык Ч. Айтматовдун романдарында [Текст] / З. Т. Ысакбаева //Айтматов окуулары – 2015:эл аралык илимий-практикалык конференциянын материалдары. – Бишкек: Турар,2015. – 270-272-б.

**5. Ысакбаева, З.Т.** Сулуулук Ч. Айтматовдун романдарында [Текст] / З. Т. Ысакбаева //Азыркы кыргыз филологиясындагы маселелер:Ысык-Көл мамлекеттик университетинин ардактуу профессору, белгилүү манастаануучу, филология илимдеринин кандидаты Сапарбек Бегалиевдин 80 жылдык маарекесине арналган «» илимий-практикалык конференциянын материалдары. –Каракол, 2015. – 151-156-б.

**6. Исакбаева, З.Т.** Ценностный мир персонажей романа «Тавро Кассандры» [Текст] / З. Т. Исакбаева //Проблемы лингвистики, методики обучения иностранным языкам и литературоведения в свете межкультурной коммуникации: , материалы I Международной научно-практической Интернет-конференции,-Орел,2016.–С.242-246.
https://elibrary.ru/download/elibrary_26414050_31076943.pdf

**7. Ысакбаева, З.Т.**«Тоолор кулаганда» романы: Адам баалуулуктарынын конфликти жана баалуулуктук тандоо [Текст] / З.Т. Ысакбаева, А.С. Жантаев // С. Нааматов атындагы НМУнун Жарчысы. – 2016. – №4. – 194-196-б.

**8. Ысакбаева, З.Т.** Кесипкөй жазма адабият улуттук идеологиянын өзөгү (Чыңгыз Айтматовдун романдарынын мисалында) [Текст] / З.Т. Ысакбаева, А.С. Жантаев //Айтматов окуулары – 2017: эл аралык илимий-практикалык конференциянын материалдары.–Бишкек: ИП Кожогулов К.С.,2017.–97-108- б.

**9. Исакбаева, З.Т.** Труд как ценность в романах Чингиза Айтматова[Текст] / З.Т. Ысакбаева, А.С. Жантаев//Российская наука и образование сегодня: проблемы и перспективы. Интернет журнал. – 2018. – №3 (22). – С. 38-42. https://elibrary.ru/download/elibrary_36511359_29332864.pdf

**10.Исакбаева, З.Т.**Семья как ценность в романах Чингиза Айтматова[Текст] / З.Т. Ысакбаева // Российская наука и образование сегодня: проблемы и

перспективы. Интернет журнал.–2018.–№3(22).–С.43-49.
https://elibrary.ru/download/elibrary_36511360_73150460.pdf
**11. Ысакбаева, З.Т.** Чыңгыз Айтматовдун романдары дөөлөттүк изилдөөнүн объектиси жана предмети / З.Т. Ысакбаева //Айтматов окуулары – 2018: эл аралык илимий-практикалык конференциянын материалдары. – Бишкек: ИП Кожогулов К.С., 2018. – 327-334-б.

**Ысакбаева Зинат Турдубековнанын 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Ч. Айтматовдун романдарындагы көркөм аксиология» деген темада жазылган диссертациясынын**

**РЕЗЮМЕСИ**

**Негизги сөздөр:** айтматов таануу, аксиология,акыйкаттык, дөөлөттүк тутум, жакшылык, романдар, сулуулук, үй-бүлө, эмгек.

**Изилдөөнүн объектиси:** Улуу сүрөткер Ч. Айтматов жараткан романдардын – «Кылым карытар бир күндүн», «Кыяматтын», «Кассандра тамгасынын», «Тоолор кулаганданын» – тексттери, ошондой эле залкар калемгердин адабий-теориялык көз караштары, аксиологиялык аспекттеги ой-пикирлери түз чагылтылган макалаларынын, интервьюларынын, маектеринин тексттери.

**Изилдөөнүн предмети:** Залкар калемгер Ч. Айтматовдун романдарынын аксиологиялык мазмуну, ал романдарда ачылып берилген автордун жана ал түзгөн кейипкерлердин тутунган ченемдеринин, карманган дөөлөттөрүнүн жана идеалдарынын татаал карым-катнашы, романдарда турмуштук багыттардын, нарк-дөөлөттөрдүн баркы менен баасынын төмөндөөсү жана алардын кайра баалануусу процесстеринин чагылуусу, ошондой эле аларда бүтүндөй бир аксиологиялык комплекстердин татаал айкалышуусу жана чырмалышуусу көрсөтүлгөнү.

**Изилдөөнүн максаты:** Чыңгыз Айтматовдун романдарынын аксиологиялык мазмундуулугун ачуу жана ошол чыгармалардагы автордук концепция тууралуу орун алган илимий пикирлерге тийиштүү түзөтүүлөрдү киргизүү.

**Изилдөөнүн методдору:** Ч. Айтматовдун романдарын изилдөөдө аксиологиялык, генеалогиялык, проблемалык-тематикалык, тарыхый-адабий методдор тандалып алынды.Мындан сырткары анализ жана синтез ыкмалары колдонулду.

**Алынган жыйынтыктардын жаңычылдыгы:**Иштин жаңычылдыгы методологиялык өңүттөн алганда анда алгач ирет аксиологиялык мамиле Ч. Айтматовдун романдарынын материалында апробацияланып жатканы менен шартталат. Тарыхый-адабий өңүттө бул романдардагы борбордук каармандардын дөөлөттүк мүнөздөмөсүнүн бөтөнчөлүгүн, чыгарманын автордук концепциясынын дөөлөттүк мазмунун жаңыча түшүнүүгө жол берет.

**Колдонуу боюнча сунуштар:** Ч. Айтматовдун чыгармачылыгы, кыргыз профессионал жазма адабияты боюнча окуу-усулдук куралдарды, көрсөтмөлөрдү, колдонмолорду түзүүдө пайдаланылат.

**Колдонуу чөйрөсү:**Изилдөөнүн жыйынтыктары жогорку окуу жайларда, орто мектептерде Ч. Айтматовдун романдарын окутууда пайдаланылат.

**РЕЗЮМЕ**
**диссертационной работы Ысакбаевой Зинат Турдубековны “Художественная аксиология в романах Ч. Айтматова” по специальности 10.01.01 – кыргызская литература, представленной на соискание ученой степени кандидата филологических наук**

**Ключевые слова:** айтматововедение, аксиология,добро, истина, красота, романы, семья, труд, ценностная система.

**Объект исследования:** Тексты романов, созданных великим художником Ч. Айтматовым – «И дольше века длится день», «Плаха», «Тавро Кассандры», «Когда падают горы», а также тексты статей, интервью, бесед выдающегося писателя, где прямо отражены его теоретико-литературоведческие взгляды, аксиологического аспекта мнения.

**Предмет исследования:** Аксиологическое содержание романов великого писателя Чингиза Айтматова, сложные вазимоотношения норм, ценностей и идеалов автора и и его персонажей, раскрытые в его романах, отражение в романах процессов уменьшения авторитета и цены жизненных ориентиров, ценностей и их переосмысления, а также показ в них сложных переплетений и соединений целых аксиологических комплексов.

**Цель исследования:** Раскрытие аксиологической содержательности романов Чингиза Айтматова и внесение необходимых уточнений укоренившимся научным взглядам об авторской концепции этих произведений.

**Методы исследования:** В исследовании романов Чингиза Айтматова были выбраны аксиологические, генеалогические, проблемно-тематические, историко-литературоведческие методы. Кроме того использовались приемы анализа и синтеза.

**Новизна полученных результатов:** Новизна работы обусловлена тем, что в ней впервые апробируется аксиологический подход на материале романов Чингиза Айтматова. В историко-литературоведческом аспекте это позволяет по новому понимать специфику ценностных характеристик центральных персонажей, ценностное содержание авторской концепции этих романов.

**Рекомендации по использованию:** Может использоватся в составлении учебно-методических пособий, указаний по творчеству Чингиза Айтматова, по кыргызской профессиональной письменной литературе.

**Область применения:** Результаты исследования применяются в изучении романов Ч. Айтматова в высших учебных заведениях, в средних школах.

## SUMMARY

**Ysakbaeva Zinat Turdubekovna's dissertation "Art axiology in the novels of Ch. Aitmatov", specialty 10.01.01 - Kyrgyz literature submitted for the degree of candidate of philological sciences**

**Keywords:** aitmatology, axiology, goodness, truth, beauty, novels, family, labor, value system.

**Object of study:** Texts of novels created by the great artist Ch. Aitmatov - "And the day lasts longer than a century", "Chopping block", "Kassandra's brand", "When the mountains fall", as well as texts of articles, interviews, conversations of the outstanding writer, which directly reflect his theoretical and literary views, axiological aspect of opinion.

**Subject of research:** Axiological content of the novels of the great writer Chingiz Aitmatov, the complex relationships of norms, values and ideals of the author and his characters, revealed in his novels, reflection in the novels of the processes of reducing the authority and price of life guidelines, values and their rethinking, as well as showing them complex weaves and compounds of whole axiological complexes.

**The purpose of the study:** Disclosure of the axiological content of the novels of Chingiz Aitmatov and the introduction of necessary clarifications to the ingrained scientific views on the author's concept of these works.

**Research methods:** In the study of Chingiz Aitmatov's novels, axiological, genealogical, problem-thematic, historical and literary methods were chosen. In addition, analysis and synthesis techniques were used.

**The novelty of the results:** The novelty of the work is due to the fact that the axiological approach based on the material of the novels by Chingiz Aitmatov is tested for the first time. In the historical and literary aspect, this allows us to understand in a new way the specifics of the value characteristics of the central characters, the value content of the author's conception of these novels.

**Recommendations for use:** It can be used in the preparation of teaching aids, instructions on the work of Chingiz Aitmatov, and Kyrgyz professional written literature.

**Scope:** The results of the study are used in the study of novels by Ch. Aitmatov in higher educational institutions and in secondary schools.